# Педагогика жана психология факультетинин БББТАТМ кафедрасынын башчысына талапкер А. К. Жунусовдун платформасы

## ОшМУнун МИССИЯСЫ

Өлкөнүн жана региондордун социалдык чөйрөсүндө экономиканын интенсивдүү өнүгүүсүнө багытталган, жаңы илимий технологиялардын жетишкендиктеринин негизинде студенттердин билим сапатын көтөрүү: билим берүүчүлүк-илимий-инновациялык комплекс катары университеттин туруктуу өнүгүүсүн камсыз кылуу: жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды сактоо жана өнүктүрүү.

## ТАРЫХЫ

Ош мамлекеттик университетинин тарыхы 1939-жылы ачылган Ош мугалимдер институтунан башталат (Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин 1939-жылдын 10- августундагы №1142 Токтомунун негизинде).1951-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институту болуп түзүлүп, 1992-жылы Ош мамлекеттик университети болуп өзгөртүлгөн

## Таржымал

1968-жылы 15-апрелде Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылында търългън. 1975-85-жылдары Карл Маркс орто мектебинде окуган. 1986-88-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат ътъгън. 1988-90-жылдары «Ош текстиль» комбинатында жумушчу болуп эмгектенген. 1990-1995-жылдары Ош МУнун кыргыз филологиясы факультетинде окуп, артыкчылык диплом менен аяктаган. 1995-96-жылдары Ош ТУда окутуучу, 1996-2006-жылдары Ош МУнун кыргыз тил илими кафедрасында окутуучу, улук окутуучу болуп эмгектенген. 2006-жылы «Кыргыз тилиндеги жай с\йлъмдърд\н синонимиясы» деген темада Бишкек шаарында кандидаттык дисертация коргогон. Ош МУнун МТКМ, медицина колледжинин Тилдер кафедрасынын башчысы, доцент болуп эмгектенип келген. 2018-жылдан Ош МЮИнин тилдер кафедрасынын башчысы, мамлекеттик тил жана тарбиялык иштер боюнча проректор болуп иштеген. Учурда факультеттер аралык кыргыз тили кафедрасында эмгектенет.

**Окуу-усулдук иштери:**

Кафедранын негизги миссиясы деп ОшМУнун миссиясын, КРнын билим берүүгө байланышкан

мыйзам, жоболорун жетекчиликке алуу менен кыргыз тилин окутуунун сапатын жогорулатуу:

1. Жумушчу программаларды адистик өзгөчөлүктү эске алуу менен компетенттүүлүккө, окутуунун натыйжаларына багыттап окутууну өркүндөтүү;

2. Силлабустарды студенттердин өз алдынча иштөөсүнө, даярдануусуна, билим алуусуна ылайыктап түзүү (компетенттүүлүккө багытталган тапшырмалар, аларды баалоонун конкреттүү критерийлери мөөнөтү, СӨАИ, анын формалары, баалоо каражаттарынын эң оптималдуу варианттарын тандоону апробациялоо ) Силлабустарды сапаттуу түзүү менен студенттердин предметти өздөштүрүүсүнө аң-сезимин, жоопкерчилигин жогорулатуу;

3. Окуу-методикалык комплекстерин стандартка ылайык иштеп чыгуу;

4. ОшМУнун ар бир факультетинин адистиктерине ылайык, кесиптик иш кагаздарынын программасын иштеп чыгуу жана окутууну терендетүү;

5. Жыл сайын студенттердин тил билүү деңгээлин аныктоо үчүн мониторинг жүргүзүү;

6. Кафедранын ар бир мүчөсүнүн иш жүргүзүүсү үчүн ыңгайлуу шарттарды жаратуу;

7. Окуу жүктөмдөрүн бөлүштүрүүдө демократиялык принциптерди колдонуу менен усулдук, илимий, тарбиялык иштер үчүн жооптуу окутуучулардын

жамааттагы иш алып баруусуна көмөктөшүү;

8. Окутуунун жаңы технологияларын пайдалануу менен окуу процессинин сапатын жакшыртуу;

9. ЖОЖдор менен тыгыз байланыш түзүп, илимий, усулдук, семинарларды байма-бай өткөрүп туруу;

10. Бүтүрүүчүлөрүбүздүн, мекеме, уюмдардын кадрлар бөлүмүнүн иш алып баруусун жеңилдетүү максатында иш кагаздарынын жыйнагын жаңыдан иштеп чыгуу.

### Илимий-изилдөө иштери:

1. Факультеттин кафедралары менен тыгыз байланыш түзүү, илимий-усулдук багытта маселелерди талкуулоодо кошмо жыйындарды уюштуруу;

2. Факультетинин базасында аймактагы (шаардагы) окуу жайлар менен биргелешип мамлекеттик тилди окутуунун көйгөйлөрү боюнча координациялык борборду түзүү;

3. Тиешелүү предметтерди окутууну өркүндөтүү багытындагы илимий изилдөөлөрдү күчөтүү;

4. Кафедранын илимий багытына

жараша илимий иштерди күчөтүү;

5. Илим изилдөө жаатында жаш окутуучуларга багыт берүүчү иштерди уюштуруу;

6. Окутуучулардын аспирантура, магистратурада окуусуна, илимий стажировкаларга баруусуна шарттарды жаратуу;

7. Ар кандай масштабдагы конференцияларга кафедранын окутуучуларынын катышуусуна мүмкүнчүлүк түзүү;

8. Илим менен алектенген окутуучуга, аспирантка моралдык колдоо көрсөтүү;

9. Кафедрадагы ар бир окутуучунун (жетекчинин) илимий изилдөө ишинин жүрүшү, жыйынтыгы боюнча эсебин кафедранын жыйынында мезгил-мезгили мененугузуп туруу;

10. Кафедранын илимий потенциалын жогорулатуу.

### Коомдук-тарбиялык иштер:

1. Бүтүрүүчү кафедралар менен тыгыз иш алып баруу, факультеттерде кыргыз тилин улуттук баалуулук катары даңазалоочу иш чараларды студенттердин

катышуусунда өткөрүү;

2. Кафедранын коомчулук менен байланышын күчөтүү, социалдык тармактарда жамааттын ишин чагылдыруу;

3. Студенттер арасында мамлекеттик тилди даңазалоо, улуттук баалуулуктарды жайылтуу, бекемдөө максатында тарбиялык маанидеги иш чараларды: жумалык, сынак, төгөрөк стол, таймаш, талкуу ж.б.уюштуруу;

4. Окумуштуулар, чыгармачыл инсандар менен жолугушууларды, кечелерди өткөрүү;

5. Маданий, чыгармачыл иш-чаралар аркылуу ОшМУнун коомдук аброюн арттыруу;

6. Студенттердин инсан катары калыптанышына окутуу процессин ишке ашыруу менен шайкеш таалим-тарбия берүү;

7. Студенттердин патриоттук сезимин ойготуучу маданий иш-чараларды байма-бай өткөрүп туруу;

8. Университеттин, факультеттердин коомдукиштерине активдүү катышуу.

### Жамаат менен иштөөдөгү негизги багыттар:

1. Жамааттын ынтымагын бекемдөө жана инновациялык ишмердүүлүккө үндөө;

2. Профессордук-окутуучулук курамдын иш-аракетин сый-урмат, адилеттүүлүк, калыстык, жоопкерчилик менен кароо жана ар тараптан беделин көтөрүүгө көмөктөшүү;

3. Окутуучунун туруктуу иш ордун (бир факультетте иштөөсүн) камсыздоо менен жоопкерчилигинарттыруу;

4. Университетте, коомчулукта коом талап кылган сапаттуу билим жана улуттук тарбия берген үлгүлүү кыргыз тилчи-филологдордун имиджин түзүү;

5. Жамааттын ар бир мүчөсүнүн суроо-талаптарынугуу, аларды калыстык менен чечүү;

6. Кафедрада мыкты профессионал кадрдык ресурсту сактоо жана алардын ишмердүүлүгүн жайылтуу.

**Кафедранын туруктуу өнүгүүсү үчүн түзүлгөнстратегиялык пландын ишке ашырылышы**

| № | **Аткарылуучу иштин мазмуну** | **Ким аткарат** | **Мөөнөтү** | Жыйынтык |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Жумушчу программаларды адистик өзгөчөлүктү эске алуу менен компетенттүүлүккө, окутуунун натыйжаларына багыттап окутууну өркүндөтүү | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | 2023-жылдын 25-сентябрына чейин | |
| 2 | Окуу-методикалык комплекстерин стандартка ылайык иштеп чыгуу | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | 2023-жылдын 25-сентябрына чейин | |
| 3 | Факультеттин Озгочолугуно ылайык, кесиптик иш кагаздарынын программасын иштеп чыгуу жана окутууну терендетүү | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | 2 жыл ичинде | |
| 4 | Жыл сайын студенттердин билим деңгээлин | Кафедра башчы, | Жаңы окуу жылында жана окуу | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | аныктоо үч үнмониторинг жүргүзүү | кафедра мүчөлөрү | жылынын аягында | |
| 5 | Окутуунун жаңы технологияларын пайдалануу менен окуупроцессинин сапатын жакшыртуу | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | Ар жыл сайын | |
| 6 | ЖОЖдор менен тыгыз байланыш түзүп, илимий, усулдук, семинарларды байма- бай өткөрүп туруу | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | Ар жыл сайын | |
| 7 | Бүтүрүүчүлөрүбүздү иш менен камсыздоо аракетине ылайык, жер-жерлердеги окутуу, тарбиялоо багытындагы мекемелер мене н иш алып баруу. | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | 2024-2025-окуу жылында | |
| 8 | Факультеттин базасында аймактагы (шаардагы) окуу жайлар мене нбиргелешип эне тилди окутуунун көйгөйлөрү | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | 5 жыл аралыгында | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | боюнча координациялык борборду түзүү | | | |
| 9 | Илим изилдөө жаатында жаш окутуучуларга багыт берүүчү иштерди уюштуруу | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | Ар жыл сайын | |
| 10 | Кафедранын илимийпотенциалын жогорулатуу. | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | 5 жыл аралыгында | |
| 11 | Бүтүрүүчү кафедралар менен тыгыз иш алып баруу, факультеттерде мугалимди даңазалоочу ишчараларды студенттердин катышуусунда өткөрүү | Кафедра башчы | Ар жыл сайын | |
| 12 | Окумуштуулар, чыгармачыл инсандар менен жолугушууларды, кечелерди өткөрүү | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | Ар жыл сайын | |
| 13 | Окутуучунун туруктууиш ордун (бир | Кафедра башчы | 2023-2024-ж.ж. | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | факультетте иштөөсүн) камсыздоо менен жоопкерчилигин арттыруу | | | |
| 14 | Университетте, коомчулукта коом талап кылган сапаттуу билим жана улуттуктарбия берген үлгүлүү окутуучунун имиджин түзүү | Кафедра башчы | 5 жыл аралыгында | |
| 15 | Кафедрада мыктыпрофессионал кадрдык ресурсту сактоо жанаалардын ишмердүүлүгүн жайылтуу. | Кафедра башчы, кафедра мүчөлөрү | Ар жыл сайын | |